КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТОН РАЙОНУ

КҮН-ЧЫГЫШ
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
КУН-ЧЫГЫШСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Күн-Чыгыш айыл аймагынын жергиликтүү Кенешинин**
**№ 23 ТОКТОМУ**

2024-жыл, “27” июнь

Бөкөнбаев айылы

**Калкты тейлөө борборун куруу үчүн**
**жер аянтын бөлүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин алдындагы шаар куруу жана архитектура департаментинин 23.07. 2024-жылдагы №01-1/898 чыгыш сандуу катына ылайык, Күн-Чыгыш айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Рыспай уулунун калкты тейлөө борборун куруу үчүн “Кара-Ой” жаны конушунан 1500,0м2 жер аянтын бөлүп берүү боюнча сунушун угуп жана талкуулап, Күн-Чыгыш айылдык Кенеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Күн-Чыгыш айылдык Кенешинин кезексиз сессиясынын 3-март, 2023-жылдагы №22 токтому жокко чыгарылсын.

2.“Кара-Ой” жаны конушунун башкы планына өзгөртүү киргизүү менен башкы планда көп-функционалдуу соода түйүн куруу үчүн калтырылган 3032,5 м2 жер аянтынын ичинен 1000,0м2 жер аянты Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 32 беренесинин 4 пунктуна ылайык, калкты тейлөө борборун куруу үчүн бөлүнүп берилсин.

3.Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Күн-Чыгыш айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Рыспай уулуна көзөмөлдөө жагы Күн-Чыгыш айыл аймагынын жергиликтүү Кенешинин жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **К.Карыпов**

Жөнөтүлдү: Күн-Чыгыш айыл өкмөтүнө-1, дело-2